мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык тартиптик, жарандык жоопкерчилик белгиленет.

29. Бул Керктендуруу эрежелерин бузууга күнөлүү юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар женунде кодексинин 114-беренесинин 1- пунктуна ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

30. Таштандыларды белгиленбеген жерге чыгарган, երттеген юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар женунде кодексинин 115-беренесине ылайык жоопкерчилик тартат.

31. Юридикалык жана жеке жактар кеп батирлуу турак жайлардын жалпы пайдалануучу жайларындагы санитардык жактан тейлее эрежелерин бузгандыгы учун Кыргыз Республикасынын укук бузуулар женунде кодексинин 110-беренесине ылайык жоопкерчилик тартышат.

32. Укук бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укуктуу айыл өкмөтүнүн комиссиялары белгиленген тартипти бузгандарга Кыргыз Республикасынын укук бузуулар женунде кодексине жаза чараларын керет.

33. Укук бузуулар боюнча комиссиянын иши Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинета тарабьшан бекитилүүчү жобо менен жөнгө салынат.